**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН**
**СУЗАК РАЙОНУНУН**
**ПРОКУРАТУРАСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ПРОКУРАТУРА**
**СУЗАКСКОГО РАЙОНА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ**

715650, Сузак айылы, Дакан палван к, 18
тел:+996 (3748) 5-00-20, факс: 5-02-68
e-mail: suzak.prokuratura@mail.ru

715650, с.Сузак, ул. Дакан палван, 18
тел: +996 (3748) 5-00-20, факс: 5-02-68
e-mail: suzak.prokuratura@mail.ru

№ 11/1-626-21
18.06.21

На №_________ «____»________2021-ж/г.

Кыргыз Республикасынын
Борбордук шайлоо
комиссиясынын төрагасы
**Н.К.Шайлдабековага**

**МААЛЫМАТ**
Жалал-Абад областынын Сузак районунун
Кызыл-Туу айылынын тургуну Н.Кокоевдин арызы боюнча.

2021-жылдын 5-июнунда Сузак РИИБнө, Сузак районунун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн тургуну Кокоев Нурбек Эркинбекович арыз менен кайрылып, анда 2021-жылдын 04-июнунда саат 14:00до Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысына шайлоо болуп өткөндүгүн, аталган шайлоодо Өмүрзаков Майсалбек Чокморович 16 добуш менен утуп алгандыгын, шайлоонун жыйынтыгы менен макул болбогондуктан Сузак районунун Сузак айылынын Д.Палван көчөсүнүн №7 дарегинде жайгашкан "Маданият" үйүнүн имаратынын биринчи кабатында жайгашкан Сузак райондук аймактык шайлоо комиссиясынын (АШК) төрагасынын иш бөлмөсүнө кирген учурда, АКШнын төрагасы Кыргызбаев Мухтарбек Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүнүн башчысына талапкер болгон М.Өмүрзаков менен бирге олтургандыгын, алардын алдындагы столдун үстүндө шайлоо бюллетендери ачык жаткандыгын билдирген.

Аталган факты боюнча ошол эле күнү топтолгон материалдар Сузак РИИБнүн МЭЖне 02-043-2021-000946 саны менен катталып, тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренесинин 1-бөлүмү менен 03-043-2021-000910 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши баштталган.

Тергөө амалдарынын жүрүшүндө Н.Кокоев өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 04-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысын тандоо үчүн шайлоо өткөндүгүн, аталган шайлоого эки талапкер: Калмаматов Мирланбек Ыманалиевич жана Өмүрзаков Майсалбек Чокморович катышышкандыгын, шайлоонун жыйынтыгы менен 16 добуш менен М.Омурзаков өткөндүгүн, бирок аталган шайлоонун жыйынтыгы менен макул болбогондуктан райондук АШКга келген учурда, АШКнын төрагасы Кыргызбаев Мухтарбек, Өмүрзаков Майсалбек менен бирге иш бөлмөсүндө олтурушкандыгын, столдун үстүндө шайлоонун 4 даана бюллетендери ачык түрдө жаткандыгын билдирген.

Мындан сырткары, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн тургуну Тагаева Гулнара Ашимбаевна өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысына шайлоо боюнча талапкерлер арасында шайлоо болуп өтүп, 31 депутат катышып, талапкерлердин арасынан Өмүрзаков Майсалбек Чокморович 16 добуш менен жеңүүчү деп шайлангандыгын, бирок ал шайлоо мыйзамсыз өткөндүгүн, аны далилдөө максатында Сузак айылында жайгашкан АШКга барган учурда, жаңы шайланган айыл өкмөт М.Өмүрзаков менен АШКнын башчысы М.Кыргызбаев экөө бюллетендерди жасалмалаганы даярдап

жатышканын көрүп калгандыгын, алар олтурган кабинетке кирип М.Өмурзаков олтурган столдо 4 бюллетень тургандыгын, ал бюллетендер түп нуска экендигин, болуп өткөн шайлоону мыйзамсыз өттү деп шек санап, бюллетендеги коюлган белгилер атайын депутаттарды сатып алып, аларга дайындалган белги коюлган экендигин көрсөткөн.

Омурзаков Майсалбек Чокмокович өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 4-июнь күнү Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысына шайлоо болуп өткөндүгүн, ал шайлоодо 31 депутат катышып, талапкерлердин арасынан 16 добуш менен утуп чыккандыгын, Н.Кокоевдун дооматтары чындыкка дал келбегендигин, себеби эч кимге эч кандай пара бербегендигин, керек болсо пара сунуштаган да эместигин, эгерде кандайдыр бир далилдер болсо мыйзам алдында жооп берүүгө даяр экендигин, 2021-жылдын 5-июнунда АШКнын имаратына АШКнын төрагасы М.Кыргызбаевдин чакыруусу боюнча баргандыгын, ал жерде эч кандай белгиленген бюллетендерди ондобогондугун көрсөткөн.

Мындан сырткары, АКШнын төрагасы Кыргызбаев Мухтар Осмонович өзүнүн берген көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 4-июнь күнү Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысына шайлоо болуп өткөндүгүн, ал шайлоодо 31 депутат катышып, талапкерлердин арасынан Омурзаков Майсалбек Чокмокович 16 добуш менен утуп чыккандыгын, шайлоо комиссиясы тарабынан болуп өткөн шайлоо мыйзамдуу деп токтомдун негизинде бекитилгендигин, ал эми 2021-жылдын 5-июнь күнү шайлоо бюллетендерин жана талапкерлердин документтерин салыштырып, Бишкек шаарына жиберүүгө даярдап жатып, М.Омурзаковдун иш кагаздарынын ичинен бир кемчиликти көрүп калып, анын телефонуна чалып, ага маданият үйүнө келип өздүк баракчасындагы үй-бүлөлүк абалы жөнүндөгү жери жазылбай калгандыгын айтып, келип кетишин сурангандыгын, ал макул болуп Маданият үйүнө келген учурда, эшиктен бир эркек менен 1 аял киши кирип келип, колундагы кол телефондору менен аларды жана иш кабинетти видео-тасмага тартып, столдун үстүндө турган бир-нече бюллетендерди алып, ал кагаздарды видео-тасмага тартып, бюллетендерди жасалмалап жатышкандыгын айтышып, жаңжал салып аларды ар кандай сөздөр менен коркутушкандыгын, ал эми М.Омурзаков баардыгы мыйзам чегинде болсун деп иш кабинетинен чыгып кетип калгандыгын, алар шайлоо бюллетендерин алмаштырышпагандыгын, эгерде бюллетендерди оңдоп алмаштырып жаткан болгондо, анда шайлоо бюллетендери ашыкча же болбосо кем болуп чыгышы керек экендигин, ошондуктан ал жерде эч кандай бюллетендер оңдолбогондугун, ал эми айрым бюллетендердеги шайлоо белгисин коюу квадратындагы белгиге кошумча болуп коюлган чекит жана ошол сыяктуу кандайдыр бир белгилер боюнча кабары жоктугун, эгерде ал коюлган кошумча чекит жана башка белгилер кандайдыр бир мааниге ээ болгондо, анда аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан мыйзамдуу деп табылбайт болчу жана токтом менен бекитилбейт болчу деп көрсөткөн.

Ошондой эле, айылдык кеңешинин депутаттары А.Нуруев, Б.Омурзакова жана Б.Баймуратовалар өздөрүнүн берген көрсөтмөлөрүндө, 2021-жылдын 4-июнь күнү болуп өткөн Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагына айыл өкмөтүн шайлоодо катышышкандыгын, алар эч кимге добуштарын сатышпагандыгын жана аларга эч ким добушун сатып алуу боюнча акча сунуштабагандыгын көрсөтүшкөн.

Тергөөнүн жыйынтыгы менен, арызда көрсөтүлгөн дооматтар далилденбегендиктен, аталган сотко чейинки өндүрүш иши 2021-жылдын 16-июнунда Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-бер. 1-бөл. 2-п., негизинде кылмыштын курамы жана (же) жоруктун курамы байкалбагандыктан өндүрүштөн кыскартылган.

Сузак районунун прокурору **М.Осмонов**